Баяндама

COM/LAIR/REP/002/FINAL

**Жетинчи жыйын**
**Астана, 1-март, 2019-жыл**

# «ТҮРКПАГА МҮЧӨ-ӨЛКӨЛӨРДҮН ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮСҮНДӨГҮ ОКШОШ КӨЙГӨЙЛӨР»

## КИРИШҮҮ

Туруктуу экономикалык жана социалдык өнүгүүдө жогорку билим берүүнүн ролу жыл сайын өсүп барат. Жогорку билим берүүнү билимдердин ордосу катары карасак болот. Же жогорку билим берүү институттары инновацияларды стимулдаштыруу жана квалификацияларды жогорулатуу аркылуу экономиканын өсүшүнө, өнүгүшүнө чоң салым кошот. Заманбап университеттердин милдеттеринин бири саламаттыкты сактоо жана социалдык өнүгүү сыяктуу социалдык натыйжаларга жетишүүнү шарттоочу глобалдуу, приоритеттүү чөйрөлөрдө иликтөө жүргүзүү жана чоң-чоң көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдорун издөө болуп саналат. Билим бул жогорку билим берүүнүн чыныгы негизи болуп саналат: ал изилдөөлөр аркылуу жаралат, окутуу аркылуу таралат, студенттер билимге ээ болушуп, аны пайдаланышат.

Интернационалдаштыруу жогорку билим берүүдөгү жаңы нерсе эмес. Университеттер улуттук билим берүүчү мекеме болуп саналышса дагы, эл аралык мекеменин нак өзү катары да таанылышкан. Ааламдашуу процесси, бир жагынан алганда, улуттук чектердин жана системалардын акырындап жоюлуу, жок болуу тенденциясына ээ экендигин шарттайт. Билим берүүнүн интернационалдашуусу деген бардыгына бирдей кызыктуу болгон жана бирдей колдонууга жараган универсалдуу билгичтиктерди жана баалуулуктарды берүүнү түшүндүрөт. Билим берүүнүн ааламдашуусу дегенди интернационалдашуунун бир бөлүгү катары карасак болот. Ааламдашуу жогорку билим берүү эл аралык жана көп маданияттуу дүйнө таанымдын киргизилишине багытталган максаттуу ишмердүүлүк болуп бара жаткандыгын шарттагансыйт.

Транс чек аралык билим берүү – жогорку билим берүүнүн ааламдашуусунун эң ачык далили. Бул студенттердин, окутуучулардын жана программалардын улуттук чек аралардан чыгып, мобилдешүүсүн түшүндүрөт. Студенттердин өз өлкөсүнөн сырткары чет өлкөлөргө чыгуусу транс чек аралык билим берүүнүн маанилүү компоненттеринин бири болуп саналат. Транс чек аралык жана транс улуттук билим берүүнүн деңгээли жакшы болгон билим берүүнүн интернационалдашуусу акыркы жылдары маанилүү боло баштады.

Түрк тилдүү өлкөлөрдүн парламенттик ассамблеяларынын (ТҮРКПА) мүчө-мамлекеттери сапаттык дагы, сандык дагы катышы боюнча алганда, билим берүүнүн өнүккөн жана алдыңкы системаларына ээ. Башка жагынан алганда, билим берүүнүн глобадашуусу жана интернационалдашуусу ТҮРКПАга мүчө-мамлекеттерден улам барган сайын көптөгөн студенттер университеттик билим алуу үчүн бир өлкөдөн экинчи өлкөгө жер которууларына алып келди. Бул көрүнүш чет мамлекеттерден ээ болуп чыккан адистиктерди таануу маселесин кабыргасынан койду. Ар бир мүчө-мамлекет өзүнүн жекече уникалдуу системасына ээ экендигин эске алуу менен, бул отчет ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөрдөгү жогорку билим берүү системаларына жана эквиваленттүүлүк процесстерине негизги мүнөздөмөлөрдү берүүгө арналган. Ошентип, алардын окшоштуктары менен айырмачылыктары аныктала тургандыктан, бири-биринин тажрыйбасынан үйрөнүүгө, өз системаларында эң мыкты делген тажрыйбаны колдонууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Кийинки бөлүмдө улуттук парламенттер аркылуу тийиштүү мамлекеттик органдардан алынган ТҮРКПАга мүчө-мамлекеттердеги жогорку билим берүүнүн системалары жана эквиваленттүүлүк процесстери тууралуу маалымат камтылган.

## I. ТҮРКПАГА МҮЧӨ-ӨЛКӨЛӨРДҮН ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫ ЖАНА ЭКВИВАЛЕНТТҮҮЛҮК ПРОЦЕССТЕРИ

### АЗЕРБАЙЖАН

Азербайжанда 51 жогорку окуу жайы (40 мамлекеттик жана 11 жеке менчик) бар. 2018-2019-окуу жылына карата 171 104 студент, анын ичинде 157 662и бакалавр даражасына жана 13 422 магистр даражасына (анын ичинде 131и Азербайжанды улуттук илимдер академиясынын (АУИА) институттарынын үлүшү менен) жогорку окуу жайларда окуп жатышат. Окуу жайларда окуу төрт тилде – азербайжан, орус, англис жана түрк тилдеринде жүргүзүлөт.

2005-жылы Болон процессине расмий түрдө өтүү менен ошондой эле 2009-жылы «Азербайжан Республикасынын билим берүүсү жөнүндө» мыйзамынын кабыл алынышы менен жогорку билим берүү системасы олуттуу түрдө жаңыланган. Окутуу саттарын которуунун Европалык системасы киргизилип, персоналдарды билим берүүнүн үч деңгээлинде (бакалавриат, магистратура жана докторантура) окутуу башталган. 2013-жылы Азербайжандын Президенти бекиткен

«Азербайжан Республикасындагы билим берүүнүн мамлекеттик стратегиясы» жогорку деңгээлдеги инфраструктурасы менен заманбап технологияларга негизделген дүйнө жүзүндөгү алдыңкы билим берүү системасын түзүүгө багытталган.

Бул концептуалдык документте ар бир жаран үчүн бирдей, сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүктөрдү түзүү аныкталган. Ошондой эле баардык этаптагы жана баардык деңгээлдеги билим берүү системасынын контенти менен институционалдык алкагын иштеп чыгуу белгиленген.

Жогорку билим берүүнүн Европалык мейкиндигинин тең укуктуу мүчөсү болгондон тарта Азербайжандын жогорку окуу жайлары толугу менен Болон процессинин талаптарына ыңгайлаштырылган. Окутуу сааттарын которуунун Европалык системасынын киргизилиши, Европанын жана дүйнөнүн алдыңкы университеттеринин тажрыйбаларын пайдалануу формасы менен мазмуну жагынан алып караганда билим берүү процессин өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. Жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоодо жаңы ыкмалардын, методологиялардын киргизилиши, студенттерди кабыл алууну жакшыртуу, университеттерде сапаттуу башкаруу борборлорунун түзүлүшү, бүтүрүүчүлөрдү тейлөөчү карьералык борборлордун натыйжалуулугун арттыруу, илимий изилдөөлөр жана илимий ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун жогорулатуу менен бир кыйла ийгиликтерге жетишилди.

Биринчи жолу билимдүү, чебер, дасыккан адистердин принциптерине негизделген SABAH долбоору окутуунун жаңы контенти жана жаңы технологиясынын негизинде ишке киргизилген. Азыркы тапта SABAH долбоору 39 университетти, 12 жогорку окуу жайында иштеген 2300дөн ашуун студентти өзүнө камтыйт. Европалык алдыңкы университеттер менен биргеликте ишке ашырылып жаткан кош диплом программасы жогорку билим берүүнү кармоону жакшыртууда жана жогорку окуу жайлардын эл аралык репутацияларын бекемдөөдө маанилүү ролду ойноду.

Президент Илхам Алиевдин «2007-2015-жылдарга карата чет өлкөлөрдө Азербайжан жаштарынын билим алуусу боюнча мамлекеттик программа» билим берүү чөйрөсүндөгү маанилүү кадамдардын бири катары бааланат. Бул ийгиликтүү программанын алкагында 3558 азербайжан жаштары бакалавриат, магистратура жана докторантура деңгээлинде дүйнөнүн кадыр-барктуу деп саналган университеттеринде окууга мүмкүнчүлүк алышты. Бул жаштардын көпчүлүгү окууларын бүтүп келип, өлкөнүн өнүгүшүнө салым кошуп башташты.

Бул багытта улантылган дагы бир маанилүү мамлекеттик жогорку билим берүүгө мисал катары 2018-жылдын 16-ноябрында Президенттин Жарлыгы менен бекитилген «2019-2023-жылдарга карата Азербайжан Республикасындагы жогорку билим берүү системасынын эл аралык атаандаштыкка туруктуулугун

жогорулатуу боюнча мамлекеттик программа» бүгүнкү доордун талаптарына ылайык келген жаңы милдеттерди коюп жатат.
Билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясаттын натыйжасына багытталган жыйынтыкта Азербайжанда окуган чет элдик студенттердин саны дайыма өсүп жатат. 2017-2018-окуу жылында Азербайжанда 76 өлкөнүн 5871 жараны жогорку билим алган. Бул көрсөткүч өткөн жылга салыштырмалуу 17%га көп. Азербайжан Республикасы чет өлкөлүк жогорку окуу жайларын таануу жана алардын эквиваленттүүлүгүн аныктоо жөнүндө бир нече эл аралык конвенцияларга кошулган.

Чет өлкөлүк жогорку окуу жайларын таануу жана алардын эквиваленттүүлүгүн аныктоо (нострификация) процедурасы «Европа регионундагы жогорку билим берүүгө тиешелүү квалификацияларды таануу жөнүндө» Лиссабон конвенциясынын жоболоруна ылайык даярдалган жана 2003-жылдын 13-майында №64 Азербайжан Республикасынын Министрлер кабинетинин токтому менен бекитилген «Жогорку билим берүү чөйрөсүндө чет мамлекеттердин адистиктерин таануунун жана алардын эквиваленттүүлүгүн аныктоонун (нострификация)  эрежелеринин» негизинде ишке ашырылууда.

Ошондой эле Азербайжан Республикасы жогорку билим берүү жаатында квалификацияларды таануу үчүн Азия жана Тынчокеан аймагындагы өлкөлөрдө окуу курсатарын, академиялык даражаларды, жогорку билим берүү даражаларын таануу жөнүндө аймактык конвенциянын өнөктөшү болуп саналат. Аталган аймактык конвенцияга Түркия, Казакстан жана Кыргызстан кирет. Алар чет элдик жогорку билим берүүнүн эквиваленттүүлүгүн аныктоо жүрүмүн Конвенциянын жобосу менен ишке ашырат.

2018-жылы Азербайжандын Билим берүү министрлигине Түркия, Казакстан жана Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн  жогорку билимди жана алардын эквиваленттүүлүгүн таанууга берген арыздардын саны 528, 55 жана 11 болгон. Азербайжан Республикасы менен Түркия, Казакстан жана Кыргызстандын ортосундагы негизги көйгөйлүү маселелерди жана тиешелүү сунуштамаларды төмөнкүдөй кылып топтоштурууга болот. Түркия Республикасынын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн жогорку билими жөнүндө чет өлкөлүк дипломдорун таануу жана анын эквиваленттүүлүгүндөгү жалпы абал канагаттандырарлык болсо дагы акыркы мезгилдерде дистанциялык окутуудан билим алган жарандардын саны өсүп жаткандыгын белгилей кетүү зарыл. Буга байланыштуу Азербайжан Республикасынын аймагында дистанттык билим берүүнү уюштуруу жана аны баалоо мыйзам чегинде каралбагандыгын баса белгилей кетүү керек. Жогоруда айтылгандарды эске алганда арыз бергендердин жогорку билимин таануу жана анын эквиваленттүүлүгүн каттоо мүмкүнчүлүгү болбойт.

**КАЗАКСТАН**

Казакстанда 131 жогорку окуу жайы бар. Алар - 10 улуттук, 31 мамлекеттик, 14 мамлекеттик эмес, 1 акционердик компаниялардын бирикмеси, 1 эл аралык, 18 акционердик компания жана 56 жеке менчик окуу жайлар. Бул окуу жайларда 500 000ден ашуун студент жогорку билим алат. Ошондой эле 38 000 адам окутуучулукка билим алышууда.

Жарандардын жогорку билим алуусун камсыздоо максатында 2016-жылы Бирдиктүү улуттук тестирлөөнү (БУТ) жана Комплекстүү тестирлөөнү (КТ) кайрадан киргизүү, ошондой эле биринчи академиялык мезгилдин соңунда босого баллды акы төлөөнүн негизинде ала албаган жактарды шарттуу түрдө кабыл алуу жөнүндө токтом кабыл алынган. Бул иш-чара Казакстандын жогорку окуу жайларына 30 миңден ашуун жаштардын өтүшүнө өбөлгө түздү.

2019-жылы абитуруенттерге көмөкчү боло турган бир топ жаңы өзгөртүүлөр киргизилди. 2019-жылдын башынан тарта БУТ жылына төрт жолу (январь, март, июнь-июль, август) өткөрүлөт. Студенттер аныкталган төлөмдү төлөө менен университеттерге тапшыра алышат.

Чет өлкөлүк ЖОЖдордон Казакстандын ЖОЖдоруна студенттердин которолушунда комплекстүү тестирлөөгө милдеттүү талаптар 2018-жылы алынып салынган. ЖОЖдорго тапшырууда чет өлкөлөрдөн алынган кирүү сыноолорунун жыйынтыктарын колдонсо болот. Натыйжада чет өлкөлөрдөн келген 22 миң улан-кыздар БУТсуз жана КТсыз эле Казактсандын ЖОЖдоруна келишти.

Чет өлкөлүк билим берүү мекемелери тарабынан берилген билим сертификатын таануу жана эквиваленттүүлүк (нострификациялоо) процессинде Казакстан Республикасы милдеттүү билим берүү стандарттары менен эквивалентин аныктайт. Таануу жана эквиваленттүүлүгүн аныктоо процедурасы мамлекеттик кызмат болуп саналат жана төмөнкү ченемдик-укуктук акылар менен жөнгө салынат:
- Казакстан Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2008-жылдын 10-январындагы №8 «Билим берүү жөнүндө документтерди таануу жана нострификациялоо эрежелерин бекитүү тууралуу» буйругу;
- Казакстан Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2015-жылдын 16-апрелиндеги №212 «Билим берүү жөнүндө документтерди таануу жана нострификациялоо боюнча мамлекеттик кызматтын стандарттарын бекитүү тууралуу» буйругу;
- Казакстан Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2015-жылдын 13-августундагы №528 «Билим берүү жөнүндө документтерди таануу жана нострификациялоо боюнча мамлекеттик кызматтын стандарттарын бекитүү тууралуу» буйругу;

«Билим берүү жөнүндө документтерди таануу жана нострификациялоо» маселесинде эквиваленттүлүк процессиндеги мамлекеттик кызмат көрсөтүүчү болуп Болон процесси жана академиялык мобилдүүлүк борбору болуп саналат.

## КЫРГЫЗСТАН

Кыргызстанда 63 университет бар. Анын 32си мамлекеттик жана 31 жеке менчик университеттер. Жогорку окуу жайлардагы студенттердин жалпы саны 168 200. Студенттердин 16%ы мамлекеттик бюджеттин эсебинен билим алышат. Ал эми 84% студент контракттык негизде окуйт. Университеттерде жалпысынан 10812 окутуучу иштейт: 3225 – илимдин кандидаты, 748 – илимдин докторлору, 2147 – доцент жана 596 профессорлор. ЖОЖдорго гранттык/бюджеттик негизде кабыл алуу планы ар жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет. 2018-2019-окуу жылына университеттерге 5705 гранттык орун бөлүнгөн.

2017-жылдын аягынан тарта тармактык министрлик тарабынан ишке ашырылып жаткан кесиптик билим берүү программалары боюнча Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайларынын рейтингин аныктоонун үстүндө иштеп келет. 2018-жылы биринчи ирет аккредитациялоо жана рейтинг боюнча көз карандысыз агенттик калыстык, ачык-айкындык, ишенимдүүлүк жана жеткиликтүүлүк принциптерине ылайык иштелип чыккан методологиянын негизинде санариптик бөлүштүрүү технологиясын колдонуу менен билим берүү программаларынын (адистиктердин) рейтингин жана жогорку окуу жайларынын окутуучуларынын рейтингин аныктап чыкты. Бул методология аркылуу университеттердин өздөрү даярдап берген маалыматтарды эске алуу менен иликтенип жаткан деңгээл үчүн беш критерийлер боюнча көрсөткүчтөрүн кошуу менен аныкталат. Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайларынын ишмердигине көз карандысыз рейтинг жүргүзүү, аларды билим берүүнүн сапатын камсыздоо боюнча ажырымдоонун (ранжирлөөнүн) жана баалоонун натыйжалуу инструменти болуп калды. Ал улуттук кесиптик билим берүү системасында билим берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын арттыруу менен окуу жайлардын дараметин(потенциалын) жана атаандаштыкка туруштук берүү жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну шарттайт.

«Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 40-беренесине ылайык, кесиптик билим берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын тастыктоо үчүн билим берүү уюмдары (окуу жайы катары) институционалдык жана (же) ишке ашырылып жаткан программалары боюнча программалык аккредитациялоодон өтүшөт. Бул этапта аккредитациялоонун жыйынтыгы боюнча жогорку окуу жайлар бүтүрүүчүлөрүнө билими жөнүндө мамлекеттик же өздүк үлгүдөгү документ (диплом) берүүгө укук алышат. 2017-2018-жылдар мезгилинде аккредитациялык агенттиктердин берген маалыматтарына ылайык, 167 жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча 29 жогорку окуу жайлары , 143 кесиптик орто билим берүү программалары боюнча 33 кесиптик

орто билим берүү окуу жайлары (колледждер,техникумдар), 97 башталгыч кесиптик билим берүү программалары боюнча 15 кесиптик –техникалык окуу жайлары аккредитациялоодон өткөрүлгөн.

Чет өлкөлөрдүн кесиптик жогорку жана орто окуу жайлары тарабынан берилген кесиптик билими жөнүндө документтер Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон жана мыйзамдарда белгиленген тартипте ратификацияланган тийиштүү эл аралык келишимдердин жана эл аралык макулдашуулардын талаптарына ылайык жүргүзүлөт.

Мындай келишимдер жана макулдашуулар түзүлбөгөн өлкөлөрдүн окуу жайлары тарабынан берилген кесиптик билими жөнүндө документтерди таануу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүргүзүлөт. Бул учурда, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан тийиштүү ченемдик укук актылардын талаптарына ылайык чет өлкөдө берилген билими тууралуу документте көрсөтүлгөн маалыматтардын негизинде анын Кыргыз Республикасындагы кесиптик билим берүүнүн тийиштүү деңгээлине ылайык келишин аныктаган маалымкат берилет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 4-июлундагы №421 токтомунун талаптарына ылайык жаран маалымкат алуу үчүн төмөнкүдөй документтер тиркелген арыз менен кайрылуу керек:

- билими жөнүндө документтин түп нускасы жана көчүрмөсү;
- билими жөнүндө документке тиркеменин түп нускасы жана көчүрмөсү, анда билим алуунун формалары жана мөөнөттөрү, билимди баалоо системасы, окуу сабактарынын тизмеги (предметтер), аудиториялык жана өз алдынча сааттардын (кредиттер) жалпы көлөмү жөнүндө маалыматтар көрсөтүлөт;
- документтин кыргыз же орус тилине нотариалдык күбөлөндүрүлгөн котормосу (эгерде документтин кыргыз же орус тилинде барагы жок болсо),
- экспертизага берилүүчү документтердин көчүрмөлөрү (1 нуска),
- арыз ээсинин окуусун же кесиптик ишин улантуу пландалуучу окуу жайдын, мекеменин өтүнүч каты;
- арыз ээсинин инсандыгын тастыктоочу документти жеке өзү көрсөтөт.

Инсандыгын тастыктоочу документ жана билими жөнүндө документтин түп нускалары арыз кабыл алынгандан кийин арыз ээсине кайтарып берилет.

Маалымкатты алганда инсандыгын тастыктоочу документти көрсөтүү керек. Маалымкатты башка адам алган учурда нотариалдык күбөлөндүрүлгөн ишеним катын көрсөтөт.

Кыргыз Республикасында мындай маалымкат акысыз берилет.

Кыргыз Республикасы менен билими тууралуу документтерди таануу жөнүндө эл аралык макулдашуусу болгон өлкөлөрдүн окуу жайлары берген билим берүү жөнүндө документтерди экспертизациялоо эки жумушчу күндүн ичинде жүргүзүлөт. Ал эми, Кыргыз Республикасы менен билими тууралуу документтерди таануу жөнүндө эл аралык макулдашуусу болбогон өлкөлөрдүн окуу жайлары берген билим берүү жөнүндө документтерди экспертизациялоо бир айдын ичинде жүргүзүлөт. Чет элдик окуу жайлар тарабынан берилген билими тууралуу документтин деңгээлин аныктоого байланыштуу талаштуу маселелер жаралган учурларда Билим берүү жана илим министрлиги алган билиминин мазмуну менен мөөнөтүн тастыктоочу кошумча документтерди берүүсүн талап кылууга укуктуу.

1998-жылдын 24-ноябрындагы Билим берүү, окумуштуулук даражасы тууралуу документтердин эквиваленттүүлүгүн эки жактуу таануу жөнүндө макулдашууга ылайык, 1999-жылдын 1-октябрынан кийин Беларусь, Казакстан, Орусия Федерациясы жана Тажикстан өлкөлөрү тарабынан берилген документтер нострификациялоо процедурасы жок эле таанылa баштаган.

Негизи чет өлкөлүк билим берүү мекемелери тарабынан берилген билими тууралуу документтерди кароодо негизги көйгөй катары каралуучу документтин анык берилгендигин аныктоо маселеси болуп саналат.

Ушуга байланыштуу ар бир өлкөдө билими тууралуу документтердин үлгүсү, билими тууралуу документтерди берүү эрежелерин жөнгө салуучу ченемдик укук актылар, билими тууралуу чет элдик документтерди таануу тартиби жөнүндө маалымат жана билими жөнүндө тийиштүү документ берилген чет элдик жарандарын аты-жөнү, окуган мезгили жана башка маалыматтар киргизилген электрондук маалымат базалары түзүлсө, тараптарга абдан ыңгайлуу болмок.

## ТҮРКИЯ

Түркияда 1981-жылы 6-ноябрда №2547 мыйзамга ылайык Жогорку билим берүү боюнча кеңеш түзүлгөн. Бул мыйзамдын негизинде Түркиянын баардык жогорку окуу жайлары жогорку билим берүү маселелерине жооп бере турган Жогорку билим берүү боюнча кеңештин астына да чогулушкан. Жогорку билим берүү боюнча кеңеш негизинен жогорку билим берүүнү стратегиялык багытта пландоо, университеттердин ортосунда координацияны жүргүзүү жана сапаттуу билим берүү механизмдерине жооп берүү менен алектенет.

Түркияда 129 мамлекеттик университет, 72 жеке менчик университет жана 5 жеке менчик профессоналдуу окуу жайы бар. Бул жогорку окуу жайларда 7,5 млн студент билим алат. Алардын 125 000и чет элдик студенттер. Ал эми аталган жогорку окуу жайларда жалпысы 158 миң окутуучу эмгектенет.

Түркия 2001-жылы Болон процессинин мүчөсү болгон. Болон процесси тарабынан коюлган максаттар Түркиядагы жогорку билим берүү жаатындагы изилдөөлөрдү глобалдык масштабда жүргүзүүгө өбөлгө болууда.

Түркияда таануу жана аккредитация процесстери Жогорку билим берүү боюнча кеңештин чечими менен 1983-жылы түзүлгөн Теңукуктуулук маселелери боюнча бөлүм тарабынан ишке ашырыла баштаган. 2017-жылы бул бөлүм «Таануу жана эквиваленттүүлүк боюнча департамент» болуп кайра түзүлгөн. Түркияда аккредитация процесси Европа регионундагы жогорку билим берүүгө тиешелүү документтерди таануу жөнүндө конвенцияга (Лиссабон конвенциясы - 11/04/1997), №2547 Жогорку билим берүү жөнүндө мыйзамдын 7-беренесине, чет элден алган жогорку билими жөнүндө дипломду таануу жана аккредитациялоо жөнүндө регламентке (05/12/2017), тиешелүү жогорку билим берүү жана кесиптик билим берүү тууралуу мыйзамдарга, ошондой эле жогорку билим берүү жөнүндө эки жактуу жана көп тараптуу макулдашууларга ылайык жүргүзүлөт.

Эквиваленттүүлүк процессинин биринчи шарты тиешелүү диплом берген жогорку окуу жайы таанылышы керек. Жогорку окуу жайдын таанылышы үчүн ал ошол өлкөнүн компетенттүү органдары тарабынан билим берүү системасында окумуштуулук даражаларын берүүгө ыйгарым укуктуу болгон билим берүү мекемеси катары таанылган болушу зарыл.

Билим берүү мекемеси катары таныган чет элдик жогорку окуу жайлар тарабынан берилген дипломдун аныктыгын жана анын арыз берүүчүнүн диплому экендигин тастыктоо чет элдик өкүлчүлүк, башкача айтканда, дипломатиялык өкүлчүлүк аркылуу жүргүзүлөт. Тастыктоо процессинин натыйжасында кызыкдар тарап алган жогорку билим берүү программасы Түркиянын жогорку билим берүү системасындагы программалар менен даражаларга эквиваленттүү экендигин аныктоо үчүн иликтөө жүргүзүлөт.

Түркиянын жогорку билим берүү мекемелеринде иштеген академиктерден турган комиссия тарабынан жүргүзүлгөн баалоонун жыйынтыгында, ошондой эле зарыл болгон учурда университеттердин берген пикирлерине ылайык, эквиваленттүүлүк талап кылынган билим берүү мөөнөтүнө туура келген, магистратура программаларынын академиялык жана профессионалдык жетишкендиги, билим берүү тили, теориялык жана практикалык курстар, стажировкалар менен долбоорлор боюнча маалыматтар эске алынып, Түркиянын жогорку билим берүү системасындагы программалардан тиешелүү даражада жогорку билим алгандарга берилет.

Түркиянын минималдуу окуу мөөнөтү, окутуу сааттары жаатында билим берүү системасына туура келбеген, дистанциялык билим берүү сыяктуу милдеттүү түрдө барып окутулбаган, жогорку окуу жай деп таанылбаган окуу жайлар менен программалардын бүтүрүүчүлөрүнүн дипломдоруна эквиваленттүүлүк алуу

боюнча арыздары формалдуу билим алуу талаптарына жооп бербегендиктен четке кагылат.

Эквиваленттүүлүк талап кылган дипломдук программаларга байланыштуу академиялык жана профессионалдык жааттан алгандагы кемчиликтер болгон учурларда илимий изденүүчүгө алган илим- билимин текшерүү, жетишпеген деңгээлин толуктоо үчүн талап кылынган билим берүү тармагына адаптациялоо максатындагы «Деңгээлди жана квалификацияны идентификациялоо» системасы менен шайкеш келтирүүгө жазылуу сунушталышы мүмкүн. Мындай тиркемеге деңгээл аныктоо боюнча экзамен, курстук иш жазуу, илимий эмгекти идентификациялоо, долбоор иштеп чыгуу, практикалык иш, стажировка ж.б. кирет.
Эквиваленттүүлүк процессинин маанилүү этаптарынын бири болуп тастыктоо процесси эсетелет. Анда дипломдун аныктыгы менен алган билиминин мазмунун каралып, бул процесс дипломатиялык өкүлчүлүк аркылуу тиешелүү өлкөнүн жогорку окуу жайынан маалымат алуу жолу аркылуу жүргүзүлөт. Тастыктоо процесинде алган дипломдун аныктыгы, ошондой эле жогорку билим берүүнүн сандык жана сапаттык мүнөздөмөсүн аныктоо маселеси коюлат. Келген документтер дипломдун эквиваленттүүлүгүн аныктоо процессине маанилүү ролду ойнойт. Келген документтердин мазмунуна ылайык, арыз берүүчүгө карата тиешелүү комиссиянын жана университеттердин пикирлерине ылайык эквиваленттүүлүк же четке кагуу же экзамен сыяктуу жооптор берилет.

Бул себептерден улам, тастыктоо прцесси маалында окутуу түрүнө ( дистанттыкпы же кадимкиби) жогорку билим берүү программасын- ал кайдан берилгендигине, жалпы билим берүү мезгилинде билим берүүнүн жогоркудай түрлөрүнүн пайыздык бөлүштүрүлүшүнө жана жогорку билим жөнүндө дипломдун катар номерине өзгөчө көңүл бурулат. Бир университеттен экинчи университетке которулуп, жогорку билим алгандар боюнча маалыматта бүтүрүүчү окуган университет, которулган университет жана аны бүтүргөндүгү боюнча маалымат камтылышы керек (ар бир университеттеги окуган жылдар жана курстар өз өзүнчө көрсөтүлүшү керек).

Түркиянын жогорку билим берүү жөнүндө мыйзамдарына ылайык, курстарга барып, практикалык сабактарга катышуу зарыл. Ал эми башка өлкөдөгү формалдуу билим берүүнүн мөөнөтү эске алынат. Эгерде тиешелүү өлкөлөрдүн формалдуу билим берүү программаларын бүткөндөр арыз берген учурларда формалдуу билим берүү үчүн зарыл болгон окууга милдеттүү барып катышуу деңгээлине туура келбестиги таанылып, эквивалекнттүүлүккө берген арыздар четке кагылат. Андыктан, жогорку окуу жайлар менен студенттер курстарда окуу мөөнөтүн эске алышы керек.

Түркияда аккредитациялоого Азербайжан, Казакстан жана Кыргызстандын ЖОЖдорунун бүтүрүүчүлөрүнөн жылына миңдеген арыздар түшөт. Алардын ичинде Азербайжан жылына башка өлкөлөргө салыштырмалуу

эквиваленттүүлүккө көп арыз берет. Түркия ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөрдүн арасында бир гана Азербайжан менен өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумга кол койгон.

2018-жылы Түркиянын YKS (Жогорку окуу жайларына экзамен) системасына кирген Азербайжан, Казакстан жана Кыргызстандын университеттери: «Манас» кыргыз-түрк университети, Ахмед Ясави атындагы эл аралык университет (Казакстан), Одлар Юрду университети, Нахичеван мамлекеттик университети, Баку мамлекеттик университети, Баку славян университети, Азербайжан тилдер университети, Азербайжан цивилизация жана искусство боюнча мамлекеттик университет, Азербайжан мамлекеттик педагогикалык университети, Азербайжан архитектура жана курулуш университети, Сумгаит мамлекеттик университети, Азербайжан медициналык университети.

Азербайжан, Казакстан жана Кыргызстандын университеттеринин бүтүрүүчүлөрүнөн YKSга (Жогорку окуу жайларына экзамен) тапшырууга арыз бергендердин саны беш миңге чамалайт. Түркия университеттеринде окуган Азербайжан, Казакстан жана Кыргызстандын жарандарын эске алганда, түрк дүйнөсүнүн өлкөлөрүндө дипломдун эквиваленттүүлүгүнө арыз бергендердин саны көбөйгөндүгүн, студенттердин мобилдүүлүгүнүн жогорку деңгээли байкалат.

## III. КОРУТУНДУ

Жогорку билим берүү – бул билимди генерациялоо жана аны колдонуу үчүн ыңгайлуу механизм жана инновацияны стимулдаштыруу, квалификацияны жогорулатуу жолу менен экономикалык өсүшкө, өнүгүүгө чоң салым кошуучу система. Билим берүүнү интернационалдаштыруу жана глобалдаштыруу процессине таасир берүүнүн аркасында жогорку билим берүү барган сайын улуттук чек аралар аркылуу студенттердин, окутуучулардын жана программалардын мобилдүүлүгүнө алып келүүчү эл аралык, көп маданияттуу көз караштагы ишмердүүлүккө айланууда.

ТҮРКПАнын Парламенттик Ассамблеясына мүчө-мамлекттерде сандык жана сапаттык деңгээлден алып караганда жогорку билим берүүнүн жакшы өнүккөн, алдыңкы системасы бар. Башка жагынан алып карасак, билим берүүнү глобалдаштыруу жана интернационалдаштыруу менен ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөрдөн көптөгөн студенттер жогорку билим алуу үчүн бир өлкөдөн экинчи өлкөгө барып жатышат. Бул көрүнүш чет өлкөдөн алган квалификацияны таануу тууралуу маселени кабыргасынан коюуда. ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөрдөгү жогорку билим берүү системасы менен эквиваленттүүлүктүн негизги мүнөздөмөсү ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөрдүн жогорку билим берүү чөйрөсүндө, айрыкча, эквиваленттүүлүк процессине байланыштуу кызматташуу айдыңында чоң потенциалы бар экендигин айтып турат. Укуктук жана институционалдык алкактарды бекемдөө, бири-биринин тажрыйбаларынан үйрөнүү, өз

системаларына мыкты практикаларды киргизүү, маалымат алмашууга көмөктөшүү менен ТҮРКПАны ар бир мүчө-өлкөсү төрт мамлекттин ортосундагы эквиваленттүүлүк процесси менен жалпысынан жогорку билим берүү тармагынын жакшырышына чоң салым кошо алат.